# #55сөз

55 сөздөн турган аңгемелердин жыйнагы

16+

# Кириш сөз

Бир кезде **New Time** журналы жарыялаган сынакты биз дагы жарыялап көрөлү деп чечтик. Кыргыз тилинде да кыска-нуска көркөм чыгармаларды жаратса болоорун далилдегибиз келди.

Бул китепке **“КЫСКА-НУСКА”** телеграм-каналы 2022-жылы 4-июль – 1-сентябрь аралыгында уюштурган 55 сөздөн турган кыска чыгармаларгы сынактын жеңүүчүлөрүнүн чыгармалары киргизилди.

# Мазмуну


**Сынактын жеңүүчүлөрү** **4**

Зинакан Пасаңова 4

“Мусаапырлар” 5

Кайыргүл Абдырахманова 6

“Оксолин” 7

Асеин Маданбеков 8

“Сакталган өмүрлөр” 9

**20 мыкты чыгарма** **10**

“Маркетинг”, Гүлнар Эмиль 11

“Мезгил…”, Абдыкерим Муратов 12

“Кайырчы”, Кубан Сапаралиев 13

“Карыз”, Надира Абласова 14

“Куткаруучу”, Аида Садыкова 15

“Ууру”, Аида Садыкова 16

“Кыз”, Айсалкын Сооронбаева 17

“Кыялдар”, Гүлзада Турдалиева 18

“Беш карыш жер”, Рахат Аманова 19

“Бир кап ун”, Асеин Маданбеков 20

“Шаштырган ажал, бузулган эреже”, Айсалкын Сооронбаева 21

“Аян”, Айгүл Матиева 22

“Дос”, Эркинбек Камалов 23

“Кесел кой...”, Асеин Маданбеков 24

“Убакыт”, Надира Абласова 25

“Акын аял”, Гүлзада Турдалиева 26

“Сүрөттүн аты – Таарыныч”, Абдыкерим Муратов 27

“Муундар ажырымы”, Кубан Сапаралиев 28

“Акы”, Элеонора Кыдырова 29

“Өрт”, Гүлзада Осокеева 30

**“Кыска-нуска” телеграм каналы тууралуу** **31**

# Сынактын жеңүүчүлөрү



## Зинакан Пасаңова

Поэзия, проза жанрларында активдүү иштеп келе жаткан калемгер. “Аял сыры”, “Жамгыр тоодон башталат”, “Кут түшкөн түндөр”, “Урушчаак каздар”, “Сыркеч жамгыр”, “Арыба, Жүрөк”, “5 жыл”, “Дос”, “Томаяк издеген бакыт”, “Ак жаан” аталыштагы прозалык жана поэтикалык китептердин автору катары таанымал.

Анын чыгармачылыгы бааланып, 2020-жылы “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер” наамы берилген. Ошондой эле Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыктын лауреаты, ТҮРКСОЙдун Жусуп Баласагын атындагы эл аралык сыйлыгынын ээси, “Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы” жана

Мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссиянын “Кыргыз тили” төш белгилери менен сыйланган.

## “Мусаапырлар”

Унаа жолдун айлампасында улгайган тилемчи туруптур. Мен түшкөн таксинин айдоочусу өзү эле токтоп, акча берди:

– Ичпейсизби?

– Ичпейм...

– Таанышыңыз беле? – таксисттен сурадым.

– Жо-ок… Эптеп тапкан акчасын ичип албасын дейм да.

Үйгө жеткенимде таксистке: "Баштыгымды жеткирип коюңузчу?” - деп сурандым. Дарбазанын кулпусун ачкандан кийин артымды карасам таксист бүкүр экен. Эки оор баштыкты жерге тийгизе зорго сүйрөп келе жатыптыр…



## Кайыргүл Абдырахманова

Stipendium Hungaricum программасынын жеңүүчүсү катары Мажарстанда билим алган. Учурда бул өлкөдө илимий изилдөө жүргүзүүдө. Борбордук жана Чыгыш Европа боюнча эл аралык изилдөө тобунун мүчөсү.

Кыргыз тилинин өнүгүүсүнө жана таанылуусуна салымын кошкусу келет. Билим берүүчү жана ар түрдүү пайдалуу маалыматтарды кыргыз тилине которуу жаатындагы долбоорлорго ыктыярчы-котормочу катары катышууда. Дүйнөгө таанымал болгон пландаштыруу боюнча Year Compass сайтын жана китепчесин кыргыз тилине ыктыярчы катары которгон. Кыргызстандын жаш киносынчылар уюмунун мүчөсү.

## “Оксолин”

Кыш. Түнгө карай кайын энем муздаткычты жуудурду. Ансыз деле мурдум агып жатты эле эртеси мен токтобой жөтөлүп калдым.

– Эмне, ооруп жатасыңбы?!

– Иии...

– Качантан бери?

– Кечетен…

– Анан айтпайт белең!

Кечээ билгенинде аяп жуудурбай коймок экен. Таш боор дегениме өкүнүп, ичимен уяла түштүм.

– Айтсаң, мен “Оксолин” сыйпап алат болчумун. Эми мага жугуздуң да.

Кайын энем дарыга шашылды.



## Асеин Маданбеков

Кесиби боюнча журналист, кинорежиссер, филолог. Алгач журналистикада эмгектенип, учурда мамлекеттик, коомдук иштерге аралашып жүрөт.

Эркиндикти туу тутуп, жаңы замандын көз карашы менен азыр кыргыз коомунда калыптанып калган субай салт, жат адаттарга сын көз караш менен карайт. Кыргыздын маданияты, тили, дили, руху, духу өссүн деген изги тилектери мол. Кыргыз кино тармагына кошсом деген тилеги бар. Кээде колуна калем кармап, ыгы келе калганда кыска карасөз жаза коёт.

## “Сакталган өмүрлөр”

Мурат Жолболду досуна маашырлана айтып берип жатат:

– Мен көп кишинин өмүрүн сактап калгам, эрдик кылгам.

Жолболду: – Баягы жөө жомокторуңду баштадыңбы, эмне болуп, каяктан?

Мурат: – Ой, ишенбесең өзүң бил. Бирок убагында мен медициналык окуу жайга тапшырбай койгом.

Жолболду корс, корс күлүп, ойлоно карап, жакында баласына сатып берген айдоочулук күбөлүгү тык этип эсине келди.

Дароо баласына чалды.



20 мыкты чыгарма

## “Маркетинг”, Гүлнар Эмиль

– Алло! Мен чиркөөнүн жанында кайыр сурап олтурам. Мага кайра чалыңызчы, менин бирдигим түгөнүп жатат!

– Саламатсызбы! Менде сизге берчү нерселер бар эле, келип алып кетесизби?

– Кантип алып кетем, машинам жок болсо?

– Меники да жок. Керектүүсүн тандап аласыз го деп ойлогом?

– Алып келсеңиз, тандайт элем.

– Мүмкүнчүлүгүм жок.

– Сүрөттөрү барбы?

– Жок.

– Сунуштаардын алдында маркетингди тыңдап алып, анан чалыңызчы!

## “Мезгил…”, Абдыкерим Муратов

Денеге кан айлантайын деп басып жүргөм.

Алдымда бир кары адам бaратат. Колунда таяк. Башында өңү өчкөн калпак. Жөтөлүп коёт. Ага жакындап калдым. Бара жаткан күүм менен өтүп кетүүгө туура келди. Улуу кишиден, араң баскан кишиден озуп кеткенге саал ыңгайсыздана түштүм...

Ага карабай басышымды токтотподум.

Бир убакта жанымдан шуу этип бирөө өтө берди. Жаш жигит экен…

## “Кайырчы”, Кубан Сапаралиев

Базардын баскылыгында миң сом жатыптыр. Эл көрмөксөн болуп өтүүдө. «Кайырчыларга берейин» деген ойдо эңкейди... Таң калычтуу, баягы кайырчылардын бири да жок. Акчаны кармаган бойдон туруп калды. Бир киши акча берип өттү. «Мен кайырчы эмесмин!» дегиче болбой дагы беришти, колуна акча толо түштү… Ойгонуп кетти. Заман оңолот го… Бирок бүгүн тойго акча керек. Кимден сурайт?..

## “Карыз”, Надира Абласова

Чогулган эл имараттын алдында кимдир бирөөнү күтүп жатышкандай.

Эшике чыгып келе жаткан адамды эл ар жактан жулмалай башташты:

– Эй, акчамды качан бересиң!

– Аферист, акчамды бир айда эле берем дебедиң беле!

– Акчамды көбөйтүм берем деп албадыңбы!

– Койлорумду бербейсиңби?

Кокустан ак халатчан адам чыгып келип: «Бул адам амнезиянын оор түрү менен ооруйт, силерди таанibaйт», - деп ээрчитип кетти.

## “Куткаруучу”, Аида Садыкова

– Суунун асты муздагансып кетти. Агым болуп жүрбөсүн… Жээкке жакындайлычы.

Айгүлдүн буту тырышып, дүрбөлөңгө түшүп чөгө баштады. Мурда мындай болчу эмес. Жанындагы караан ыкчам келген менен, аба жетпей баратканын карачы...

– Эсиңизге келдиңизби?

– Кайдамын?

– Ооруканада.

– Кандайча?

– Азыр...

Палатага дарыгер кирди.

– Аман калганыңызга каниет кылып, кайраттаныңыз. Сизге суроолорубуз бар, чамаңыз жетеби? Жаныңыздагы кимиңиз эле? Сөөгү табыла элек...

– Айгүл?!

## “Ууру”, Аида Садыкова

Айыл. Терезеден тийген күндөн көөнөрүп кеткенсиген үй телефону шыңгырады. Дагы эле ушуга чалгандар бар экен, тобоо!

– Алло?..

– Алло, Нүкү. Тиги Ырыс деген шумшук бүгүн биздикине барат экен. Английскийиңди катып койсоңчу чоң үйгө. Антпесең уурдап кетет катыгүн.

– Макул эне...Ошентейин. Азыр катып коёмун.

Телефондун гудогун тыңшап, ызасынан ыйлагысы келген Ырыстын көздөрүнө "Англис тилин үйрөнүү" китеби урунду.

## “Кыз”, Айсалкын Сооронбаева

Күнүгө кеч дүкөнгө кирген кыз менен жигит сатуучунун көңүлүн өздөрүнө буруп жүрүштү.

Кыздын өңү серт, бей кылык. Оозун чоё сагыз чайнап, алгандарын сатуучунун алдына таштайт. Акчасын жигит төлөйт. Анысы келишимдүү, токтоо көрүнөт. Анан экөө сыртка чыгып алышып кучакташып, өбүшүп бир топко турушканы сатуучуга камерадан көрүнүп турчу.

Кыз бүгүн башка жигит менен келди. Экөө өбүшүп турду.

## “Кыялдар”, Гүлзада Турдалиева

Анда батирде жашайбыз. Эки жарым жаштагы кызымдын кыялы – велосипед тебүү. Көчөдөгү велосипеди бар балдарды көрүп кызыгат. А менин кыялым үйлүү болуу.

– Апа, велосипед сатып бериңизчи.

– Кызым, биринчи үй салганга акча чогулталычы.

Арадан көп жылдар өттү.

– Мен ооруп калыпмын. Дарыканадан дары алып келейин. Эми ага канча акча кетет болду экен?

– Апа, биринчи үй салганга акча чогулталычы...

## “Беш карыш жер”, Рахат Аманова

Элеңдеген арык кемпир бөжөңдөп барып, дубалдын түбүнөн орун тапты.

Дубал менен арыктын ортосу беш карыш. Арыктын ары жагы машина жол. «Жолдо соода кылбагыла!» деген милициялар бечара элди удургутуп атышкан.

…Кир баштыгындагы чөп-чарын жүз сомго жараткан кемпир акчасын аяр түйүп, неберелерине жөнөдү.

…Буйругу кынтыксыз аткарылганын көргөн кара «Лексустагы» калаа башчы мыйыгынан күлүп, көз айнегин аарчыды…

## “Бир кап ун”, Асеин Маданбеков

Орус абышка базарда кыргыз жигиттен бир кап ун алмай болду.

Жигит унду абышканын машинесинин багажына салып, чалга "положил" деп жооп берди.

Абышка чөнтөгүнөн акча алып, жигиттин төшүнө чаап: “Ме, мобуну алып кой, бардык нерсеңен адалыраак", - деп машинеси менен зуу койду.

Ал жооптуу уккан жигит таңыркап: "Мен азыр ун саттымбы же тил саттымбы?", - деп кала берди.

## “Шаштырган ажал, бузулган эреже”, Айсалкын Сооронбаева

Килейген Лексус машинеси жан-алы калбай, алдында бараткан кичинекей Мазда машинесин темитип, фараларын улам өчүрүп-жандырып, сигналды дембе-дем басып, шаштысын алды. Өз жолунда баратса да, эмне болуп кеткенине түшүнө албаган Мазданын жаңы үйрөнчүк айдоочусунун шаштысы кетип, жүрөгү алкымына тыгылып, араңдан-зорго жолдун четине айдап чыга берди.

Он мүнөт жүрбөй Лексус машинанын жол жээгиндеги арыкка түшүп, аңтарылып жатканын көрдү.

## “Аян”, Айгүл Матиева

Очоктогу алоолоп күйгөн оттон оозум кургап, дене табым көтөрүлдү. Жаным жай таппай, ойдолоп алдастай бердим. Оттун табы жан алгыч сезилип, бүт денем жалбырттап күйүп баратты. Ушундай да болот экен. От ичинде кызыл түстүү албуут жолборс мага айбат берип, окторулду. Жандын шириндигин кара, жан соогалап жалбардым. Жаным калсын деп тыбырчыладым. Жакамды кармап, тооба келтирдим. Түшүм экен…

## “Дос”, Эркинбек Камалов

Жамгыр жаап жатты. Кабыл кол чатырын Сабырга берди. Сабыр рахматын айтып үйүнө жөнөдү.

Мектепте Кабыл классташтарына "Мен болбогондо Сабыр жамгырда калмак" - деп жатты.

Класска кирген мугалимге да мактана калды: "Мен болбогондо Сабыр суу болмок".

Мугалим "Кандайча?" деди.

"Мен ага өзүмдүн кол чатырымды бердим" - деди Кабыл.

Сабыр чуркап чыгып, мектептеги фонтанга секирип түштү.

Кабыл таң калды.

## “Кесел кой…”, Асеин Маданбеков

Кыштакка каттагандардан Чыңгызга айтып келди.

– Маршал аксакал коюң ооруп атат алып кетсин дейт.

Чыңгыз эртеси иниси экөө барды.

Чыңгыз: – Салам алейкум!

Чабан: – Алеки салам

Чыңгыз: – Канча күн болду ооруганына?

Чабан: – 2 күндөн бери жатат

Чыңгыз: – Эмне болуп ооруп атат?

Чабан: – Ошону айтпай атат, кысталак.

Чыңгыз: – Жакшылап сурабайсызбы (күлүп).

Ошентип кесел кой багажга түшүп кыштакка кетти.

## “Убакыт”, Надира Абласова

Түшкү саат: 13:00

– Ыңаа, ыңаа. Салам, аба, апа, ата…

– Тай-тай басканың, кызым, келе гой…

– Апаа! Атаа! Жогорку окуу жайга өттүм…

– Кызыбызды турмуш жолуна узатып жатабыз, бактылуу болгула, оомийин… – деген ата-энесинин жылуу сөздөрү кулагына угулуп турду.

– Чоң апаа, тамак ичиңиз!

Түшкү саат: 13.07

Уктап жаткан 70 жаштагы кемпир: «Көзүм илинип кеткен турбайбы», – деп кобуранат.

## “Акын аял”, Гүлзада Турдалиева

– Уулумдун кыргызча түшүнбөгөнүнө сүйүнөм...

Сүйлөшүп олтургандар дендароо болуп туруп калдык.

– Эмнеге антесиз?

Уулунун орус бала баккычтын тарбиясын алганына, кийин орус мектептен окуганына көп мактанчу.

– Менин ырларымды окуса, кандай ойдо калмак?

Бирөөнүн кызыл жерин көрсө жулуп алган, бөрсөйгөн эриндери элден бөтөнчөлөнтүп, сулуу көрсөткөн бул аялдын ырлары муңдуу эле. Акын аялдын сөзүн унуталбай, өзүмчө эле кайгырып жүрөм.

## “Сүрөттүн аты – Таарыныч”, Абдыкерим Муратов

Фотоаппаратым менен балдарды тартып жүргөм.

– Мени тартыңызчы! – Алар чурулдашып чуркап келет.

– Интернетке чыгарасызбы? – Тыңырагы мага карады.

– Жакшы түшүп берсеңер дүйнө жүзү көрөт! – Мактана сүйлөдүм.

Жалгыздан да, экиден-үчтөн да тартып кирдим.

Бир кыз бетин жаап, такыр түшпөй койду.

– Сен эмне түшпөйсүң?

– Мени Москвадагы апамдар көрүшүн каалабайм! – Кыз тескери карап бурулуп кетти.

Интернетте “Таарыныч” деген сүрөт чыкты.

## “Муундар ажырымы”, Кубан Сапаралиев

Чоң эне сагынткан небересин кучактады.

– Вы, моя бабушка, да? – сурады кыз

– Эмне дейт?! – чочугансыган чоң эне кабагын бүркөп, эселекти кучагынан бошотту. Жактырбоону дароо сезген кыз эмне дээрин билбей туруп калды. Бул түшүнүшпөстүктү байкаган ата ортого түшүп, экөөнү өзү жакындаткысы келди. Бирок кайсы тилде сүйлөрүн билбеди. Тилмеч боло алгыдай эмес... Муундар ортосуна ажырым салган күнөөсүн түшүндү.

## “Акы”, Элеонора Кыдырова

Мээ кайнаткан ысыкта талаа бетинде жалданып иштеген эл. Түшкү тыныгууну эсепке албаганда, эртеден кечке баш көтөрмөй жок.

Кожоюн жумушчулардын бирине эмгектенген 10 кишинин акысын толук санап берип, өзү жыйнала баштады.

Акча таратууга келгенде, араларындагы өспүрүмгө жетпей калды…

Акчаны тараткан жумушчу бирөөнүн акысын албаганын айтып, үйүнө шаша жөнөдү. Калгандар алган акыларынан 100 сомдон чыгарып өспүрүмгө карматышты.

## “Өрт”, Гүлзада Осокеева

Капыстан үйдөн өрт чыкты. Уктап жаткан кызы менен баласын ойготконуна шүгүр кылып үйдү карап турду. Өрт өчүрүүчүлөрдү чакырды.

Капыстан телефонуна бейтааныш номерден кат келип түштү. Үңүлө карай калды: күйөөсү, башка бир аял жана тестиер бала аны карап турду. Сүрөттүн алдында: «Чыныгы өрт» деген жазуу.

Кайсы өрттү өчүрүштү билбей, алдастай түштү.

Жүрөгү көбүрөөк жалындап жаткан эле.

## “Кыска-нуска” телеграм каналы тууралуу

“КЫСКА-НУСКА” телеграм каналында, анын аталышы айтып тургандай эле, кыргыз тилиндеги оригиналдуу же котормо кыска карасөздөр жарыяланып турат. Жарыялануучу чыгармалардын көлөмүн телеграм каналынын өзгөчөлүгү шарттайт, б.а. айтканда анын көлөмү боштуктарды кошуп санаганда 4000 белгиден ашпашы зарыл – телеграмда бир постко ушундай көлөмдөгү материал гана батат.

Каналга кирип кыска карасөздөр менен таанышып туруңуздар.

Ал эми бул каналга өз чыгармаңызды сунуштагыңыз келсе tokoevm@gmail.com почтасына жиберсеңиз болот. Бирок анын көлөмү жогоруда айтылгандай 4000 белги эмес, 3900 белгиден ашпасын, анткени 100 белги чыгарманын аталышын, автордун ысымын жана хештегдерди жазганга колдонулат.

Канал мындан ары да 55 сөздөн турган кыска чыгармаларга сынак уюштуруп турмакчы. Бул сынактын башкы сыйлыгы – сиз кармап турган китепке окшош жеңүүчүлөрдүн жана мыкты деп табылган чыгармалардын электрондук жыйнагы болот.

Сынакка демөөрчүлөр чыкса – канал ыраазы гана болот! Демөөрчүнүн ысымы сынакка катышкан ар бир чыгарманын алдында жазылып турат!